**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVIII–СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 29- октябрь айы №86**

*(Балыкчы шаардык кенештин 2026-жылдын 28-августундагы №123 токтомунун редакциясына ылайык)*

**“Автобекет” муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 17-октябрындагы № 01-13/8222 кайрылуусунун шаардык Кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык Кеңешинин сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүп жаткан шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысы № 1 тиркемеге ылайык 2025-жылдын 1-ноябрынан баштап бекитилсин.
2. Жүргүнчүлөрдүн жол киресин “Тулпар” электрондук төлөм системасы аркылуу накталай эмес төлөө формасы 2026-жылдын 31-августунан баштап киргизилип 1-тиркемеге толуктоо, өзгөртүүлөр киргизилсин.
3. Балыкчы шаарынын мэриясына жана “Автобекет” муниципалдык ишканасына “Тулпар” электрондук төлөм системасынын үзгүлтүксүз иштешин жана жүргүнчүлөргө төлөм жүргүзүү тартиби жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу тапшырылсын.
4. Маршруттук каттамдагы автоунаалардын техникалык жана санитардык абалын жакшыртуу, жүргүнчүлөрдү тейлөө маданиятын көзөмөлдөө “Автобекет” муниципалдык ишканасынын администрациясына милдеттендирилсин
5. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.
6. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, архитектура, муниципалдык менчик коммуналдык чарба жана өнөр жай транспорт, ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-2

БЕКИТИЛДИ
Балыкчы шаардык кеңешинин
XXIX чакырылышынын XVIII
сессиясынын № 86 токтомунун
1-тиркемеси
“29” - октябрь 2025-жыл
_______________ Аманалиев Д.Ж.

*(Балыкчы шаардык кенештин 2026-жылдын 28-августундагы №123 токтомунун редакциясына ылайык)*

# Автобекет МИ шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын бекитилген тарифи:

| № п/п | Жүргүнчүлөрдүн категориясы | **Бекитилген тариф** |
|---|---|---|
| **1.** | **Балыкчы шаарынын №101, №103 жана №104 маршруттук каттамдары** | |
| | - жөнөкөй чоң жүргүнчүлөргө жол жүрүү билети | **билет–920 (Тогуз жүз жыйырма) сом** |
| | Балыкчы шаарынын бардык аймагындагы окуучуларга жол жүрүү билети – | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт** |
| **2.** | **Таш-Сарай жана Дача конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга –<br><br>Чоңдорго – | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт**<br><br>**30 (отуз) сом;** |
| **3.** | **Орто-Токой жана Көк-Мойнок-2 конуштарынын тургундары үчүн:** | |
| | Чоңдорго<br>Мектеп окуучуларына жана бала бакча балдарына – (аймактын жашоочулары менен макулдашуунун негизинде). | **– 50 (элүү) сом**<br>**500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт** |
| **4.** | **Ак-Өлөң конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт**<br><br>**Накталай 50 (элүү) сом.** |
| **5.** | **Көк-Мойнок-1 конушунун тургундары үчүн:** | |
| | Окуучуларга<br><br>Чоңдорго | **500(беш жүз сом) каникул күндөрү эске алынбайт**<br><br>**30 (отуз) сом** |
| 6. | Жашы боюнча пенсия алуучуларга жана майыптыгы бар жарандарга коомдук транспортто акысыз жүрүү укугу берилсин. | |

Эскертүү:

1. “Тулпар” электрондук төлөм системасы аркылуу төлөө накталай эмес эсептешүү болуп саналат.

2. Жашы боюнча пенсия алуучулар жана майыптыгы бар жарандар тиешелүү күбөлүгүн көрсөткөн учурда коомдук транспортто акысыз жүрүшөт.

3. Көп балалуу үй-бүлөөр (Балыкчы шаардык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын маалыматтарына ылайык)

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 28- август айы №123**

**Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 29-октябрындагы №86 “Автобекет” муниципалдык ишканасынын шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысынын тарифи жөнүндө” токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын сунушун карап, жүргүнчүлөрдү ташуунун сапатын жогорулатуу, жол кирени төлөөнүн накталай эмес формасын киргизүү, “Тулпар” электрондук төлөм системасын колдонуу жана калктын социалдык жактан аярлуу катмарларын колдоо максатында, Балыкчы шаардык кеңешинин кезексиз сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 29-октябрындагы №86 токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

   -Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Автобекет” муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлүп жаткан шаар ичиндеги каттамдардын жол кире акысы № 1 тиркемеге толуктоо -өзгөртүүлөр киргизилсин:

   -Жүргүнчүлөрдүн жол киресин “Тулпар” электрондук төлөм системасы аркылуу накталай эмес төлөө формасы 2026-жылдын 31-августунан баштап киргизилсин.

   -Жашы боюнча пенсия алуучуларга жана майыптыгы бар жарандарга коомдук транспортто акысыз жүрүү укугу берилсин.

   -Көп балалуу үй-бүлөөргө (Балыкчы шаардык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын маалыматарына ылайык)
2. Балыкчы шаарынын мэриясына жана “Автобекет” муниципалдык ишканасына “Тулпар” электрондук төлөм системасынын үзгүлтүксүз иштешин жана жүргүнчүлөргө төлөм жүргүзүү тартиби жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу тапшырылсын.
3. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.
4. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
## БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 28- август айы №124**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтомун ишке ашыруу жөнүндө**

2025-жылдын 19-августундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтому ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Балыкчы шаарынын мэриясынын кайрылуусунун жана Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кенешинин кезексиз сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 «Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө» токтому Балыкчы шаарынын аймагында аткарууга кабыл алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №502 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибине ылайык, Балыкчы шаарынын муниципалдык көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   -калкка көмүү жайларын брондоо тартиби, шарттары жана талаптары жөнүндө маалымат берүүнү камсыз кылуу, көмүү жайларын брондоо боюнча зарыл болгон документтердин үлгүлөрүн жана уюштуруу чараларын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгуу жана бекитүү тапшырылсын
4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актыны, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин, массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын.
5. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Автобекет МИ-1, ММК.-1, мам.каттоо-1

БЕКИТИЛДИ
Балыкчы шаардык кеңешинин
XXIX чакырылышынын
кезексиз XXVI сессиясынын
№124 токтомуна 1-тиркеме
“28” август 2026-жыл

___________________

**Балыкчы шаарынын аймагындагы көрүстөндөрдө жерге коюу орундарын брондооштуруунун тартиби жөнүндө жобо**

**1-глава. Жалпы жоболор**

**1.** Ушул Жобо Балыкчы шаарынын аймагындагы көрүстөндөрдө жерге коюу орундарын брондоштуруунун шарттарын, мөөнөттөрүн, наркын жана жол-жобосун аныктайт.

**2.** Ушул Жобонун максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- жарандардын татыктуу жерге коюуга болгон укуктарын камсыз кылуу;
- көрүстөндөрдү пайдаланууну жана күтүү иштерин тартипке келтирүү;
- жерге коюу орундарын эсепке алуунун ачык-айкын жана бирдиктүү системасын түзүү;
- санитардык, экологиялык, шаар куруу жана маданий талаптарды сактоо;
- жерге коюу орундарын брондоштуруунун ачык-айкын механизмин камсыз кылуу.

**3.** Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Көмүү жана сөөк коюу иши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин көрүстөндөрдө жерге коюу орундарын брондоштуруунун тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларына жана башка мыйзамдарга ылайык иштелип чыкты.

**4.** Ушул Жободо төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

**жерге коюу орунун брондоштуруу** – жубайы мурда жерге коюлган жерге жакын жайгашкан бош жерге коюу ордун келечекте жерге коюу үчүн резервге коюу;

**брондоштуруу келишими** – арыз берүүчү менен Балыкчы шаарынын мэриясына **караштуу «Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык» муниципалдык ишканасынын** ортосунда түзүлүүчү келишим;

**жерге коюу орундарын реестри** – көрүстөндөрдөгү бош, ээлеген жана брондолгон жерге коюу орундарын эсепке алуу системасы.

**5.** Жерге коюу орундарын брондоштуруу санитардык, экологиялык, шаар куруу, диний, этникалык жана маданий талаптарды эске алуу менен жүргүзүлөт.

**2-глава. Жерге коюу орунун брондоштуруунун наркын аныктоо**

**6.** Жерге коюу орунун брондоштуруунун наркы төмөнкү формула боюнча аныкталат:

СБ = РП + Д

мында:

СБ – жерге коюу орунун брондоштуруунун наркы;

РП – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүч;

Д – кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициенти.

**7. «Д» кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн коэффициентинин өлчөмү Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен бекитилет.**

Кошумча кызмат көрсөтүүлөргө төмөнкүлөр кирет:

- көрүстөндүн аймагын көрктөндүрүү;
- ички жолдорду жана өтмөктөрдү күтүү;
- жарыктандыруу;
- жашылдандыруу жана көчөттөрдү кароо;
- суу менен камсыз кылуу;
- санитардык тазалыкты камсыз кылуу;
- тиричилик калдыктарын чыгаруу;
- көрүстөндүн инфраструктурасын күтүү жана жакшыртуу боюнча башка иштер.

**3-глава. Жерге коюу орундарын брондоштуруунун тартиби**

**8.** Жерге коюу орунун брондоштурууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жубайы же жубайынын өкүлү кайрыла алат.

**9.** Жерге коюу орунун брондоштурууга арыз мүмкүнчүлүк түзүлгөндө электрондук форматта мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы аркылуу берилет. Электрондук форматта арыз берүү мүмкүн болбогон учурда, арыздарды кабыл алуу жана документтерди тариздөө колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**10.** Брондоштурууга берилүүчү арызга төмөнкү документтер тиркелет:

- арыз берүүчүнүн паспортунун көчүрмөсү;
- нике тууралуу күбөлүк;
- жубайынын каза болгондугу тууралуу күбөлүк же мыйзамдарда белгиленген башка документ.

Документтер мамлекеттик маалыматтык системалардан электрондук түрдө алынуусу мүмкүн болгон учурда аларды арыз берүүчүдөн кайра талап кылууга жол берилбейт.

**11.** Арыз белгиленген тартипте катталгандан кийин мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө каралат.

**12.** Арыз катталган учурдан тартып тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин суралган жерге коюу орду убактылуу брондолгон болуп эсептелет жана башка адамдарга берилбейт.

**13.** Брондоштуруу жөнүндө оң чечим кабыл алынгандан кийин арыз берүүчү белгиленген төлөмдү төлөйт жана «Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык» муниципалдык ишканасы менен брондоштуруу келишимин түзөт.

**14.** Брондоштуруу үчүн төлөм накталай же накталай эмес түрдө мыйзамдарда белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

Төлөмдүн жүргүзүлгөндүгү квитанция же электрондук чек менен ырасталат.

**15.** Брондоштуруунун мөөнөтү **10 жылды** түзөт жана белгиленген тартипте кийинки мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

**16.** Брондоштуруунун мөөнөтүн узартуу үчүн арыз белгиленген мөөнөттө берилүүгө тийиш. Белгиленген мөөнөттө арыз берилбеген учурда брондоштуруу аннулирленет.

**4-глава. Брондоштуруудан баш тартуунун негиздери**

**17.** Жерге коюу орунун брондоштуруудан төмөнкү учурларда баш тартылышы мүмкүн:

1. жубайы мурда жерге коюлган жердин жанында бош орун жок болсо;
2. зарыл болгон документтер берилбесе;
3. мурда белгиленген брондоштуруу талаптары бузулган болсо;
4. брондоштуруу санитардык, экологиялык, шаар куруу же башка мыйзамда белгиленген талаптарга каршы келсе.

**18.** Брондоштуруудан баш тартуу жөнүндө арыз берүүчүгө мыйзамдарда белгиленген тартипте жазуу жүзүндө же электрондук формада маалымдалат.

**19.** Арыз берүүчү кабыл алынган чечимге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

**5-глава. «Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык» муниципалдык ишканасынын милдеттери**

**20.** Балыкчы шаарынын мэриясына караштуу «Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык» муниципалдык ишканасына төмөнкү иштерди жүргүзүү жүктөлөт:

1. көрүстөндөрдөгү бош, ээлеген жана брондолгон жерге коюу орундарын эсепке алуу;
2. жерге коюу орундарын брондоштуруу боюнча арыздарды кабыл алуу жана тиешелүү тартипте кароону уюштуруу;
3. брондоштуруу боюнча келишимдерди түзүү;
4. брондоштурууга байланыштуу төлөмдөрдү эсепке алуу;
5. брондолгон жерге коюу орундарын реестрге киргизүү;
6. көрүстөндөрдүн санитардык абалын камсыз кылуу;
7. көрүстөндөрдүн аймагын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
8. көрүстөндөрдүн ички жолдорун, суу түйүндөрүн, жарыктандыруусун жана башка инфраструктурасын күтүү;
9. көрүстөндөрдөгү тиричилик калдыктарын өз убагында чыгарууну уюштуруу;
10. брондоштуруудан түшкөн каражаттардын өзүнчө эсебин жүргүзүү;
11. жерге коюу орундарын брондоштуруу боюнча реестрди өз убагында жаңыртып туруу.

**21.** Муниципалдык ишкана өзүнө жүктөлгөн милдеттерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Жобого, Балыкчы шаардык кеңешинин чечимдерине жана Балыкчы шаарынын мэриясынын тиешелүү актыларына ылайык аткарат.

**6-глава. Брондоштуруудан түшкөн каражаттарды пайдалануу**

**22.** Жерге коюу орундарын брондоштуруудан түшкөн каражаттардын өзүнчө эсеби жүргүзүлөт.

**23.** Брондоштуруудан түшкөн каражаттар төмөнкү багыттарга максаттуу пайдаланылышы мүмкүн:

1. көрүстөндөрдү санитардык жактан күтүү;
2. көрүстөндөрдүн аймагын көрктөндүрүү;
3. ички жолдорду оңдоо жана күтүү;
4. жарыктандыруу;
5. жашылдандыруу;
6. суу менен камсыз кылуу;
7. тиричилик калдыктарын чыгаруу;
8. көрүстөндөрдүн инфраструктурасын жакшыртуу;
9. жерге коюу орундарын электрондук эсепке алуу системасын жүргүзүү;
10. көрүстөндөрдү күтүү жана өнүктүрүүгө түздөн-түз байланышкан башка чыгымдар.

**24.** Брондоштуруудан түшкөн каражаттарды пайдалануу боюнча отчеттуулук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

**25.** Каражаттардын максаттуу пайдаланылышына көзөмөл Балыкчы шаардык кеңеши жана мыйзамдарда белгиленген башка ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлөт.

**7-глава. Жерге коюу орундарын эсепке алуу жана реестр жүргүзүү**

**26.** Балыкчы шаарынын мэриясы жана «Көрктөндүрүү жана санитардык тазалык» муниципалдык ишканасы көрүстөндөрдөгү бош, пайдаланылган жана брондолгон жерге коюу орундарын эсепке алууну камсыз кылат.
**27.** Жерге коюу орундарын реестрде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- көрүстөндүн аталышы;
- жерге коюу ордунун номери;
- бош же брондолгондугу жөнүндө маалымат;
- брондоштуруунун датасы;
- брондоштуруунун колдонулуу мөөнөтү;
- брондоштуруунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалымат.

**28.** Жерге коюу орундарын эсепке алуу жана реестр жүргүзүү мүмкүнчүлүк түзүлгөндө электрондук форматта жүргүзүлөт.
**29.** Реестрдеги маалыматтардын актуалдуулугу камсыз кылынат жана тиешелүү өзгөртүүлөр өз убагында киргизилет.

**8-глава. Жыйынтыктоочу жоболор**

**30.** Балыкчы шаарынын мэриясы көрүстөндөрдүн ишин жалпы координациялоону жана тиешелүү мамлекеттик жана муниципалдык органдар менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат.
**31.** Ушул Жободо каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.
**32.** Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен киргизилет.
**33.** Ушул Жобонун талаптарын бузган кызмат адамдары жана башка адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
**34.** Ушул Жобо Балыкчы шаардык кеңешинин чечими менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №38**

## Жер тилкесин мөөнөтсүз пайдаланууга берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Балыкчы шаарынын кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин кезексиз сессиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

**1.** Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорт департаментин Ысык-Көл аймактык башкармалыгына, Балыкчы шаарынын Ж. Абдрахманов көчөсүнүн № 15 дарегинде жайгашкан 392 чарчы метр жер тилкесин мөөнөтсүз пайдаланууга берүүгө макулдук берилсин

2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
   - иш кагаздарын даярдап, мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ушул тескеме Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

4. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

*Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1,*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №39**

**“Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын ыйгаруу жөнүндө**

“Балыкчы шаарынын чегиндеги аталыштарды өзгөртүү” жана “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын ыйгаруу боюнча коомдук комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы № 1 протоколунун негизиндеги сунушун карап жана талкуулап, Балыкчы шаардык кеңешинин кезексиз сессиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын коомдук тартипти сактоодо кошкон салымын жана Ысык-Көл облусунун алдындагы зор эмгегин эске алып, эмгектин ардагери Исаев Муратбекке “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” ардактуу наамы ыйгарылсын.

2. “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүктү жана эстелик төш белгисин ыйгаруу, ардак китепчесине каттоо жагы Балыкчы шаарынын мэриясына жана шаардык Кеңештин аппаратына тапшырылсын.
3. Ушул тескеме Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
4. Тескеменин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңешке тапшырылсын.

**Кенештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

**Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия,.,ММК-1,**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №40**

**“Балыкчы шаарынын ардактуу жараны”**
**наамын ыйгаруу жөнүндө**

“Балыкчы шаарынын чегиндеги аталыштарды өзгөртүү” жана “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын ыйгаруу боюнча коомдук комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы № 1 протоколунун негизиндеги сунушун карап жана талкуулап, Балыкчы шаардык кеңешинин кезексиз сессиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын социалдык экономикалык өнүгүүсүнө кошкон эмгегин жана Балыкчы шаарынын архивин жакшыртууда кошкон зор салымын эске алып, эмгектин ардагери Токсомбаева Узаркүл Адыловнага “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” ардактуу наамы ыйгарылсын.

2. Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүктү жана эстелик төш белгисин ыйгаруу, ардак китепчесине каттоо жагы Балыкчы шаарынын мэриясына жана шаардык Кеңештин аппаратына тапшырылсын.
3. Ушул тескеме Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
4. Тескеменин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңешке тапшырылсын.

**Кенештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

**Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия,.,ММК-1,**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКСИЗ XXVI–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын 28- август айы №41**

**“Балыкчы шаарынын ардактуу жараны”**
**наамын ыйгаруу жөнүндө**

“Балыкчы шаарынын чегиндеги аталыштарды өзгөртүү” жана “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын ыйгаруу боюнча коомдук комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы № 1 протоколунун негизиндеги сунушун карап жана талкуулап, Балыкчы шаардык кеңешинин кезексиз сессиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарынын социалдык экономикалык өнүгүүсүнө кошкон эмгегин жана коомдук иштердеги активдүүлугүн эске алып эске алып, эмгектин ардагери Кырбашев Камчыбек Чомоевичке “Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” ардактуу наамы ыйгарылсын.

2. Балыкчы шаарынын ардактуу жараны” наамын күбөлөндүрүүчү күбөлүктү жана эстелик төш белгисин ыйгаруу, ардак китепчесине каттоо жагы Балыкчы шаарынын мэриясына жана шаардык Кеңештин аппаратына тапшырылсын.
3. Ушул тескеме Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.
4. Тескеменин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңешке тапшырылсын.

**Кенештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

**Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия,.,ММК-1,**